КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ

САДЫР АКЕ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
САДЫР АКЕ АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

---

**Садыр аке айылдык Кеңешинин эл депутаттарынын XXVIII чакырылышынын кезектеги 11-сессиясы**

# ТОКТОМ

**20-декабрь 2022-жыл № 63** **Григорьевка а.**

**Садыр аке айыл аймагында катуу таштанды калдыктарын (КТК) чыгаруу кызмат акысын (тарифин) бекитүү жөнүндө**

Муниципалдык кызматтарды көрсөтүү боюнча маалыматтын ачыктыгын жана жалпыга жеткиликтүүлүгүн арттыруу, жарандарга жана юридикалык жактарга муниципалдык кызматтарды көрсөтүүнүн сапатын жакшыртуу максатында, «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» КР мыйзамынын, «Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтар жөнүндө» КР мыйзамынын, КР Өкмөтүнүн кызмат көрсөтүү жаатындагы ченемдик укуктук актыларынын негизинде жана айыл өкмөт башчысы А.Орозалиевдин маалыматын угуп жана талкуулап Садыр аке айылдык кеңеш **токтом кылат:**

1. Садыр аке айыл аймагында катуу таштанды калдыктарын (КТК) чогултуу, чыгаруу жана кайра иштетүү боюнча кызмат акысын (тарифти) төмөндөгүдөй болуп бекитилсин:
   - Жеке турак жайларга, 1 кожолука айына 100 сом;
   - Коммерциялык тараптарга: соода түйүндөрү, коомдук тамактануу жайлары айына – 300 сом;
   - Чоң-Ак-Суу капчыгайындагы соода түйүндөрү: жумасына 1250 (айына 5000) сом
2. Токтом массалык маалымат каражаттарына жарыялансын жана Мамлекеттик-укуктук актылар реестрине киргизүү үчүн Облустук юстиция башкармалыгына жиберилсин.
3. Бул Токтомдун аткарылышы Турак жай жана коммуналдык чарба жана тиричиликти камсыздоо тутумунун жетекчиси Э.Чечкенбаевге жана эсепчиси Н.Баялиевага милдеттендирилсин.

**Төрага** **Б. Чичканбаев**

Жиберилди: Иш кагаздарына -2, Облюстицияга -2.